**№10 К.Абдыразаков атындагы орто мектебинин**

1-11 класстарынын окуучуларынын

**арасында** өткөрүлгөн «Биз СПИДке каршыбыз « деген темада өткөрүлгөн тегерек столдун

# ПРОТОКОЛУ

29.11.2019ж.

Катышкан окуучулардын жалпы саны – 150

Мугалимдерден – 13

Каралуучу маселелер:

I. Оорулар (окуучулардын арасында кездешүүчү)
II. Ар кандай коопсуздук эрежелерин сакталбагандыгынын натыйжасында келип чыккан кырсыктар
өткөөл мезгилдеги проблемалардын натыйжасында өз жанына кастык кылуу.

№1 Угулду. Мектеп организатору Орозалиева Гулгунай өз сөзүндө жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кездешүүчү ар түрдүү мисалы СПИД, ВИЧ ж.б. оорулардын түрлөрүн келип чыгышы, таралышы жана натыйжасы жөнүндө сүйлөдү.

1-маселе боюнча сөзгө 11 классынын окуучусу Зарыпбек кызы Айзада чыгып кайдыгерликтин натыйжасында оорулардын көбөйүп жатканын айтып өттү.

№2 Угулду. Мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Сатвалдиева Айжаркын азыркы учурда көбөйүп жаткан кырсыктар боюнча сүйлөдү жана көптөгөн мисалдарды жол кырсыгы, өрт кырсыктары, түнкү жүрүштөр ж.б. айтып өттү.

2-маселе боюнча окуучулардан 10 класстын окуучусу чыгып өз сөзүндө жаштардын арасындагы түрдүү кечелер жөнүндө сүйлөп андагы коопсуздук эрежелерин сакталбагандыгынын натыйжасында келип чыккан түрдүү кырсыктар боюнча сүйлөдү.

Ошондой эле кошумча 9 класстын окуучусу көптөгөн мисалдарды айтты жана алардын алдын алуу боюнча чара колдонуу керек экендиги жөнүндө сүйлөдү.

№3 Угулду. №10 мектептин Коопсуздук кызматкеринин инспектору 3-маселе боюнча чыгып жашы жете элек өспүрүмдөр арасында өткөөл мезгилде кездешүүчү проблемалардын натыйжасында өз жанына кастык кылууларды алдын алуу жана проблемаларын чечүүдө жаштарга жардам берүү боюнча айтып өттү. Бүгүнкү күндө жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуучулук жана өзүнүн жанына кас кылуу көрүнүштөрү коомчулукка коркунуч туудуруп жатканын айтып өттү.

Ошондой эле 3-маселе боюнча окуучулардан 11-классынын окуучусу өткөөл мезгилдеги проблемалар кыз жигиттин ортосундагы өзгөчө мамилелердин пайда болушу, материалдык жана социалдык жетишпөөчүлүктүн натыйжасында өз жанына кас кылуу боюнча сүйлөдү.

Жана кошумча 8-9-класстын окуучулары өз ойлорун айтышып өз жанына кас кылуунун алдын алуу үчүн баарыбыз тең аракет кылышыбыз керек деп айтып өтүштү.

**Жогорудагы маселелерди карап чыгып жыйналыш**

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т**

1. Жогорудагы маселелер боюнча ар бир класстын лидери класстарына кирип түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

2. Окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында ар кандай кечелерге, түнку жүрүштөргө спирттик ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынсын.

3. Окуучулардын өткөөл мезгилдеги проблемаларын чечүүдө түшүнүүчүлүк менен мамиле кылуу жана жардам берүү Муж.советтин жетекчиси А.Тилебалдиевге жана Жен.советтин жетекчиси С. Бармалтаевага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Токтогулова У.А.
Организатор: Орозалиева Г.О.
Соц.педагог: Хасанова М.М.